| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>БОЛОТ МАМБЕТОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АИЛЬНОГО АЙМАКА<br>БОЛОТА МАМБЕТОВА** |

**Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши**

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 27-августу №32** **Төрт-Күл айылы**

**Болот Мамбетов айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын биринчи жарым жылдыгында алты айдын жыйынтыгы боюнча айылдык аймактагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы тууралуу айыл өкмөт башчысынын отчёту аткарган иштери жөнүндө**

Болот Мамбетов айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын (6 айлыкта) биринчи жарым жылдыгында аткарган иштери жөнүндө айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Т.Кылжыровдун отчетун угуп, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 78, 88-беренелерине ылайык, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерин жетекчиликке алып, Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин пландоо, бюджет жана экономикалык реформа, инвестиция тартуу маселелери боюнча туруктуу комиссиянын корутундусунун негизинде Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1.Болот Мамбетов айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын биринчи жарым жылдыгында алты айдын жыйынтыгы боюнча айылдык аймактагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы тууралуу айыл өкмөт башчысынын отчёту кабыл алынсын.

2.Болот Мамбетов айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын (6 айлыкта) биринчи жарым жылдыгында аткарылган бюджетинин иштери боюнча отчету эң жакшы деп табылсын.

3.Болот Мамбетов айыл өкмөтүнө 2026-жылдын экинчи жарым жылдыгында социалдык-экономикалык өнүгүү программасын өз убагында аткаруу, бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдалануу жана калкка көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын сапатын жогорулатуу боюнча иштери тапшырылсын.

4.Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин токтомдору каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5.Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

**Жергиликтүү кеңештин төрагасы** **М.Ж.Жунушалиев**